DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Джумабаев К., Джумабаев А.К., Жамалов Ш.*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ТЫШКЫ СООДАНЫН ӨСҮШҮНҮН БАГЫТТАРЫ ЖАНА БАЖЫ КӨЗӨМӨЛҮНҮН РОЛУ

*Джумабаев К., Джумабаев А.К., Жамалов Ш.*

# НАПРАВЛЕНИЯ РАЗВИТИЯ ВНЕШНЕЙ ТОРГОВЛИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ И РОЛЬ ТАМОЖЕННОГО КОНТРОЛЯ

*K. Dzhumabaev, A.K. Dzhumabaev, Sh. Zhamalov*

# DIRECTIONS OF FOREIGN TRADE GROWTH AND THE ROLE OF CUSTOMS CONTROL IN THE KYRGYZ REPUBLIC

*УДК: 339.5:339.97*

*Макалада Кыргыз Республикасынын тышкы соода жүргүзүүсү анын жанаша чектешкен мамлекеттер менен болгондугу, ошондой эле Бажы биримдигине жана Евразия Экономикалык Союзуна киргенин жана анын Борбор Азиядагы биринчи мамлекеттерден болуп, өлкөгө инвестиция тартуу, рыноктун натыйжалылуугу жана экономиканы өнүктүрүү боюнча дүйнөдө алдыңкы орундардын бирин алууга мүмкүндүк алганы баяндалат. Тышкы соода ишинин көлөмүнүн көбөйүшү, тышкы соода шарттары менен эрежелеринин салыштырмалуу катуулашы менен, анын сөзсүз таасирине байланыштуу, бажы көзөмөлүн ролун жакшыртуу, аларды заманбап технологиялар менен камсыз кылуу, автоматташтыруу зарылдыгы бүгүнкү күндүн негизги талаптарынан экендиги белгиленет. Пландуу экономикадан рыноктук мамилелерге өткөндөн 30 жыл аралыгында айыл чарбасынын айрым тармактарында өндүрүштүн көлөмү кескин түрдө кыскаргандыктан, ишканалардын кызматкерлерин кыскартуусу, ишканалардын жоюулгандыгы баяндалат. Жергиликтүү чийки заттын (пахта жана жүн) өндүрүмүнүн кескин азайышы жана аларды кайра иштетүүнүн төмөндөшү тигүү ишканаларын Кытайдан, Түркиядан, Италиядан жана башка өлкөлөрдөн импорттоп кездемелерди алууга муктаж болгондугу белгиленет. Макалада авторлор тарабынан Улуттук экономиканын туруктуу өнүгүүсүн камсыздоо максатында Кыргызстандын тышкы соода тутуму менен бирге бажылык контролдоонун уюштуруу-экономикалык механизмин түзүү максатында 2030-жылга чейинки өнүгүү Концепциясы сунушталат.*

***Негизги сөздөр:*** *тышкы соода, мамлекет, бажы көзөмөлү, аткезчилик, Евразия экономикалык союзу, инвестиция, технология, санариптештирүү, тармактар, өндүрүш.*

*В статье отмечается, что внешняя торговля Кыргызской Республики ведется с соседними странами, а также ее членство в Таможенном союзе и Евразийском экономическом союзе, и что она является одной из первых стран Центральной Азии, которая привлекает в страну инвестиции, обеспечивая рыночная эффективность и возможность занять одну из лидирующих позиций в мире по экономическому развитию. В связи с увеличением объемов внешней торговли, относительным ужесточением условий и правил внешней торговли, его неизбежным влиянием на усиление роли таможенного контроля, их модернизации. Отмечается, что потребность в технологиях, автоматизации - одно из основных требований сегодняшнего дня. За 30 лет, прошедших с момента перехода от плановой экономики к рыночной, в некоторых секторах сельского хозяйства произошел резкий спад производства, а также сокращение штата и ликвидация предприятий. Отмечается, что сокращение доступа к местному сырью (особенно хлопку и шерсти) вынудило швейные компании импортировать ткани из Китая, Турции, Италии и других стран. Авторы статьи для обеспечения устойчивого развития Национальной экономики предлагают Концепция развития до 2030 года с целью создания организационно-экономического механизма таможенного контроля совместно с внешнеторговой системой Кыргызстана.*

***Ключевые слова:*** *внешняя торговля, государство, таможенный контроль, контрабанда, Евразийский экономический союз, инвестиции, технологии, цифровизация, отрасли, производство.*

*The article notes that the foreign trade of the Kyrgyz Republic is conducted with neighboring countries, as well as its membership in the Customs Union and the Eurasian Economic Union, and that it is one of the first Central Asian countries that attracts to the country investments, ensuring market efficiency and the opportunity to take one of the leading positions in the world in terms of economic development. In connection with the increase in foreign trade, the relative tightening of the conditions and rules of foreign trade, its inevitable influence on the strengthening of the role of customs control, their modernization. It is noted that the need for technology, automation is one of the main requirements of today. In the 30 years since the transition from a planned economy to a market economy, some sectors of agriculture have experienced a sharp decline in production, as well as staff reductions and the liquidation of enterprises. It is noted that reduced access to local raw materials (especially cotton and wool) forced garment companies to import fabrics from China, Turkey, Italy and other countries. To ensure*

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*sustainable development of the national economy, the authors of the article propose a Development Concept until 2030 with the aim of creating an organizational and economic mechanism for customs control in conjunction with the foreign trade system of Kyrgyzstan.*

***Key words:*** *foreign trade, state, customs control, smuggling, Eurasian Economic Union, investments, technologies, digitalization, industries, production.*

Кыргыз Республикасынын тышкы соода жүргүзүүсү анын жанаша чектешкен мамлекеттер менен болгондугу, ошондой эле Бажы биримдигине жана Евразия экономикалык союзуна киргенине, ааламдашуу мезгилине тыгыз байланыштуу боло тургандыгын, ошону менен бирге рынокто бардык эл аралык жол-жоболорду, келишимдерди, шарттарды толук сактагандан жана талаптардын аткарылышына көз каранды.

Алсак, Кыргызстан - түндүктө Казакстан, батышта Өзбекстан, түштүк-батышта Тажикстан жана түштүк менен түштүк-чыгышта Кытай менен чектешкен жер негизиндеги өлкө. Кыргызстан суу жана минералдык заттардын, анын ичинде көмүрдүн, алтындын, урандын жана сурьманын бай запастары менен белгилүү. Кыргызстан 1998-жылы Дүйнөлүк Соода Уюмуна (ДСУ) кирген. Анткени 1998-жылдын 17-ноябрында Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен Дүйнөлүк Соода Уюмун түзүү боюнча Марракеш келишимине кошулуу жөнүндө протокол ратификацияланган. Бул Протокол 1998-жылдын 20-декабрында күчүнө кирген [5]. Кыргызстан Борбор Азиядагы биринчи мамлекеттерден болуп, өлкөгө инвестиция тартуу, рыноктун натыйжалуулугу жана экономиканы өнүктүрүү боюнча дүйнөдө алдыңкы орундардын бирин алууга мүмкүндүк берген.

Дүйнөлүк Соода Уюмуна мүчө болуп кирүү Кыргыз Республикасында жүзөгө ашырылган социалдык-экономикалык жана саясий кайра түзүүлөр тышкы экономикалык ишмердүүлүккө, аны либералдаштырууга жана андан ары прогрессивдүү реформага жаңы мамилелерди алып келди.

Эл аралык сооданын өсүшү жана бажы маалымат технологияларынын жогорку деңгээлдеги өнүгүүсү бажы органдарынын бажы операциялары учурунда контролдон тышкы соодага көмөктөшүү максатында товарларды чыгаргандан кийин контролдоого өтүүсүнө шартар түзүлүүдө. Тышкы соода бажы органдарынын ролун жогорулатуу, ишинде заманбап маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу, ошондой эле электрондук декларациялоо борборлорунун бирдиктүү тармагын түзүү (ECD) жана электрондук бажы, товарларды декларациялоодо жана жолугушууларды өткөрүүдө бажы көзөмөлүн сапаттуу так аткарууга мүмкүндүк берет.

Бул багытты өнүктүрүүдө Кыргызстандагы бажы органдарында башкаруу технологияларын, көзөмөлдөөнүн учурдагы жаңы ыкмаларын, инновациялык ишмердүүлүктү жана ыкмаларды колдонуудан турат. Тышкы соода ишинин көлөмүнүн көбөйүшү, тышкы соода шарттары менен эрежелеринин салыштырмалуу катуулашы менен, анын сөзсүз таасирине байланыштуу, бажы көзөмөлүн жакшыртуу, аларды заманбап технологиялар менен камсыз кылуу, цифровизациялаштыруу жана автоматташтыруу зарылдыгы бүгүнкү күндүн негизи талаптарынан болуп саналат. Тышкы соода ишин жүргүзүүдө; өлкөнү дүйнөлүк коомчулукка интеграциялануу процесстерин ишке ашыруу менен гана Кыргызстандын экономикасын жана тышкы сооданын өнүгүшүн камсыз кылат.

Бирок, изилдөө көрсөткөндөй Кыргызстандын Дүйнөлүк Соода Уюмуна (ДСУ) киргендиги, башкача айтканда 22 жыл аралыгында тышкы сооданын натыйжалуулугун жогорулатууга чоң чаасирин тийгизе алган жок (табл. 1).

*Таблица 1*

**Кыргыз Республикасынын негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрдүн индекстери (% менен) [4].**

| | **1999-ж.** | **2015-ж.** | **2016-ж.** | **2017-ж.** | **2018-ж.** | **2019-ж.** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Ички дүң продукт | 103,7 | 103,9 | 104,3 | 104,7 | 103,8 | 104,6 |
| Өнөр жай продукциясынын көлөмү | 98,3 | 95,6 | 104, | 111,5 | 105,4 | 106,9 |
| Айыл чарба, токой чарба продукциясынын дүң чыгырылышы жана балык улоочулук | 108,7 | 106,2 | 1031 | 10,2,4 | 102,7 | 102,6 |
| Дүң жана чекене соода, автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоонун жүгүзүүсү | 97,1 | 107,5 | 108,3 | 108,8 | 106,3 | 106,3 |
| Тышкы соода жүгүртүү сальдосу, млн. АКШ доллары | -102,0 | -1011,6 | -1278,9 | -1369,3 | -1927,0 | -1492,5 |

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Кыргызстандын Дүйнөлүк Соода Уюмуна (ДСУ) киргендиги убакыттан тарта ички дүң продукциянын өсүшү 2019-жылы 1999-жылга салыштырмалуу 0,8% гана өскөн. Ошол эле мезгилде Кыргыз Республикасында айыл чарбасы приоритетүү багыттардан болгондугуна карабастан 2019-жылы 1999-жылга салыштырмалуу 6,1% төмөндөгөн. Мындай айыл чарбасынын начар темпте болушунун негизги себептеринен болуп, чарба субъектилеринин тышкы соода саясатына даярсыздыгы, экспортко чыгарылуучу айыл чарбасында өндүрүлгөн продукцияларынын көлөмдөрүнүн аздыгы, көпчүлүгүнүн сапатынын начардыгы, ири товар өндүрүүчү чарбалардын аз сандагысы, алардын адистештирилбегендиги, кластердик ыкмалардын түзүлбөгөндүгү, өтө көп айдоо аянты аз жеке менчик майда дыйкан-фермер чарбалардын пайда болушу, инновациялык ишмердүүлүктүн өнүгүүсүнүн солгун жүрүшү, бажы көзөмөлүнөн өткөрүүчү документтердин өз убагында сапаттуу толтурулбашы, фитосанитардык, ветеринардык иштердин талаптагыдай жүргүзүлбөшү, транспорт жана логистика эл аралык талаптарга жараша салынбашы, иштебеши жана фермер-дыйкандардын начар сабатсыздыгы болуп саналат.

Айыл чарбасында чакан дыйкан-фермер чарбалар басымдуулук кылат, көбүнчө үй-бүлөлүк менчик, аларда заманбап технологиялар, керектүү ресурстар тахникалар, шаймандар, негизги фонддор жетишсиз жана насыя алууга көпчүлүгүнүн мүмкүнчүлүгү жок. Белгилей кетсек, дыйкан-фермер чарбалар уйдун сүтүн өндүрүү, ошондой эле буудай, арпа, жүгөрү, картошка сыяктуу азык-түлүктөрдү өздөрүнүн жеке керектөөлөрүнө көмөкчү чарба катарында пайдаланышып, айрымдары ички базарларда гана ашык продукцияларын сатышат, ал эми калган продукцияларын тышкы мамлекеттерге экспортко чыгарууга көлөмүнүн аздыгынан, сапатынын начардыгынан алардын дээрлик көпчүлүгү сатууга чак чамасы келбейт. Ошол эле убакта Кыргызстанда калкыбызды тамак-аш коопсуздугу боюнча керектелүчү 12 түрдөгү өндүрүлгөн тамак-аш продуктыларынын ичинен 3 (сүт, жашылча, картошка) гана белгиленген рациондогу норманы канаттандырат. Ал эми киреше табууда чоң роль ойногон эт азыктары жана аларды кайра иштетүү тармагы өнүкпөй калган.

Пландуу экономикадан рыноктук мамилелерге өткөндөн 30 жыл аралыгында айыл чарбасынын айрым тармактарында өндүрүштүн көлөмү кескин түрдө кыскаргандыктан, ишканалар (Токмоктогу *жүндү* алгач *иштетүү фабрикасы*, Кара-Балтадагы Килем комбинаты, Сүлүктү, Кайыңды, Бишкек, Токмок, Балыкчы эт комбинаттары ж.б.), кызматкерлерин кыскартууга, ишканаларды жоюууга аргасыз болушту. Бул болсо текстиль жана тигүү, кайра иштетүү ишканалардын өндүрүшүнүн курулган байланышы толугу менен ажырады. Алсак, жергиликтүү чийки заттын (атап айтканда, пахта жана жүн) жеткиликтүүлүгүнүн төмөндөшү тигүү ишканаларын Кытайдан, Түркиядан, Италиядан жана башка өлкөлөрдөн алынып келинген кездемелерди колдонууга багыттоого аргасыз кылды.

Изилдөө көрсөткөндөй тышкы сооданы өркүндөтүүгө мамлекеттер интеграция жолу менен барышкан Европа, Окиания мамлекеттеринини тажрыйбасын алсак болот. Маселен, эң эле ийгиликтүү интеграция деп эсептелип келе жаткан Европа биримдигинде Германия, Франция, Италия, Испания сыяктуу теңтайлашкан ири мамлекеттер туруктуу экономикалык өсүштөргө ээ болууда. Биздин оюбузча социалдык жана экономикалык деңгээлди жогорулатуу үчүн Кыргыз Республикасы Бажы биримдигине жана Евразия экономикалык союзуна киргени эң туура багыттардан болуп саналат.

Бул багыттын туура экендигин илимпоздор Кутманбекова А.А., Кадырова Т.К. “Евразиялык экономикалык биримдигинин эл аралык байланыштары: негизги багыттары, келечеги жана көйгөйлөрү” макаласында төмөндөгүлөрдү белгилейт: «В долгосрочной перспективе, к 2025 году, предоставление и получение услуг из Кыргызстана для стран ЕАЭС станет возможным без использования количественных показателей, с точки зрения национальных условий, то есть наиболее предпочтительного национального режима. Таким образом, в целом, Кыргызстан ожидает от формирующегося мирового рынка финансовых услуг ЕАЭС к 2025 году” [3]. Мындай бүтүмдүккө биз дагы кошулабыз себеби, дүйнөлүк финансы рыногунун калыптанышы Кыргыз Республикасынын тышкы соодасынын өсүшүнө аны менен бирге бажылык контролдоонун өз ара эл аралык финансылык байланышын өркүндөтүүгө алып келет десек болот.

2011-жылдын 18-ноябрындагы Евразия экономикалык интеграциялоо жөнүндө декларацияга негизденип, мамлекеттердин суверендүү теңдиги принцибин, адам менен жарандын конституциялык укуктарынын жана эркиндиктеринин үстөмдүүлүгү принциптерин анык сактоо зарылдыгын жетекчиликке алып, тилектештикти бекемдөөнү жана элдердин тарыхын, маданиятын жана каада-салттарын урматтоо менен алардын ортосундагы кызматташтыкты тереңдетүүнү каалап, Евразия экономикалык интеграциясын андан ары өнүктүрүү белгиленген [2]. Кыргыз

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Республикасы Евразия экономикалык биргелешкен мүчө мамлекеттердин алдында турган жалпы маселелерди чечүүгө багытталган биргелешкен иш-аракеттер аркылуу экономикалык прогрессти камсыз кылып, башка өлкөлөр, ошондой эле эл аралык интеграциялык бирикмелер жана эл аралык уюмдар менен өз ара пайдалуу жана тең укуктуу экономикалык кызматташууну андан ары чыңдоого умтулууну ырастап, Дүйнөлүк соода уюмунун ченемдерин, эрежелерин жана принциптерин эске алып, Бириккен Улуттар Уюмунун Уставынын максаттарын жана принциптерин, ошондой эле эл аралык укуктун башка жалпыга таанылган принциптерин жана ченемдерин өзүнүн жактай тургандыгын ырастаган.

Биздин оюбузча тышкы соода ишин мамлекеттик башкаруу системасынын ажырагыс бөлүгү болуп бажы кызматы саналат. Ошондуктан жалпы бажы кызматын, анын ичинде алардын көзөмөлүн ролун жогорулатуу тышкы соода ишин натыйжалулугун жана бюджетке бажы төлөмдөрүнүн көлөмүн көбөйтөт. Мамлекет тарабынан декларацияланган маалыматты жана берилген документтерди жөнгө салуу менен, тышкы соода операцияларына системалуу контролду ишке ашыруу үчүн уюштуруу-экономикалык механизминин программалары кабыл алынышы зарыл. Анткени, Кыргызстандын бажы кызматы, мамлекеттин экономикалык тутумунун бир бөлүгү болуп, салык салуу, бажылык төлөмдөрдү алуу жана тышкы сооданы жөнгө салуу чөйрөсүндө салттуу администрациялоо функцияларын аткарууда чоң ролду ойнойт. Бажы көзөмөлүн жакшыртуу боюнча багыттар, ошондой эле мамлекеттик бажы кызматтарын активдештирүү процессинин эффективдүүлүгүн жогорулатууну конкреттүү арттыруу жана ар тараптуу модернизациялоо маселелери (кадрдык, башкаруучулук, технологиялык, маалыматтык, финансылык жана экономикалык) заманбап маалыматтар менен камсыз кылуу, окутуу, стажировкадан өткөрүү азырынча жетишсиз бойдон калууда.

Бул багытка ылайыкташтырылган бир катар уюштуруучулук проблемаларды чечүүдө методикалык ыкмалар жок, бул республикабыздын бажы кызматынын салыштырмалуу кыска мөөнөтүндө, бир катар мыйзам актыларынын бүдөмүктүгүндө жана начар аткарылышына себеп болууда. Аталган көйгөй боюнча, өзгөчө бажы көзөмөлүн жакшыртуу жана өркүндөтүүгө илимий адабияттар менен камсыздоо, аларды системалуу түрдө изилдөө Кыргызстандын жана өнүккөн өлкөлөрдүн бир катар окумуштууларынын илимий эмгектеринде белгиленген сунуштарды пайдалануу абзел.

Келишимдерге ылайык Кыргызстан коңшулаш Кытай, Өзбекстан, Тажикстан жана башка алыскы мамлекеттер менен тышкы соода жүргүзүгө мукташ. Алсак, Кыргызстанда алтын, электр энергиясын, минералдык продуктулар, металл буюмдары, ар түрдүү өнөр жай товарлары, сүт азыктары, жашылча-жемиштер, ошондой эле, лампалар, транспорт каражаттары жана транспорттук техниканын тетиктери сыяктуу жана башка продукциялар экспорттолот (табл. 2.).

*Таблица 2*

**Кыргыз Республикасында товарлардын айрым өлкөлөр боюнча тышкы жана өз ара соодасы (млн. АКШ доллары менен) [4].**

| | Товарлардын экспорту | | | Товарлардын импорту | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2017-ж. | 2018-ж. | 2019-ж. | 2017-ж. | 2018-ж. | 2019-ж. |
| **Бардыгы** | **1764,3** | **1836,8** | **986,1** | **4494,7** | **5292,0** | **4989,0** |
| Анын ичинен айрым өлкөлөр боюнча: | | | | | | |
| Казакстан | 268,6 | 270,3 | 347,1 | 520,5 | 602,7 | 649,4 |
| Россия | 265,7 | 358,2 | 281,2 | 1232,7 | 1510,7 | 1404,3 |
| Өзбекстан | 146,3 | 158,5 | 138,9 | 163,6 | 178,0 | 200,9 |
| Германия | 4,4 | 6,2 | 8,6 | 67,5 | 74,6 | 70,8 |
| Италия | 0,5 | 1,2 | 0,4 | 27,1 | 26,0 | 24,5 |
| Литва | 15,4 | 46,2 | 17,1 | 7,6 | 36,0 | 32,1 |
| Кытай | 97,5 | 62,2 | 82,4 | 1500,5 | 1942,7 | 1736,1 |
| Түркия | 131,2 | 104,3 | 89,9 | 224,9 | 2902 | 222,8 |
| Япония | 0,3 | 0,5 | 0,3 | 34,5 | 48,2 | 25,3 |
| Канада | 1,7 | 0,1 | 2,8 | 6,2 | 10,0 | 6,3 |
| АКШ | 1,0 | 1,9 | 2,6 | 155,3 | 128,8 | 90,1 |

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Изилденип жаткан 2017-2019-жылдары баардыгы болуп Кыргызстандан чыккан товарлардын экспорту 5587,2 млн АКШ долларын түзгөн, ошол эле учурда чет өлкөлөрдөн келип түшкөн товарлардын импорту 14775,7 млн АКШ долларын түзгөн, башкача айтканда импорттон алынган товарлардын көлөмү экспортон түшкөн товарлардын эсебинен 9188,5 млн АКШ долларга көп же болбосо 62,1% ашык. Эгерде товарлардын импорттоп алганга жумушалган 9188,5 млн АКШ долларын Кыргызстан экспортолгон товарлар катарында түшсө, анда мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүн алда канча толукталмак.

Белгилей кетсек экономикабызда мынчалык тышкы соодада импорттун өсүшү, өлкөбүздөгү реалдуу тармактардагы экспортторго багытталган продукциялардын сапаты төмөн жана аз көлөмдө өндүрүлүшү менен мүнөздөлөт. Бул негизги соода өнөктөштөрдүн тышкы соода саясатындагы кирешенин өсүшүнө таасир этет деген тыянакка алып келет.

Экономика илимдеринин доктору, профессор Аракелян А.А. “Азыркы глобалдашуу шартында дүйнөлүк сооданын өнүгүү көйгөйлөрү” аттуу макаласында “дүйнөлүк сооданын өнүгүү көйгөйлөрүн” белгилейт: “Современный этап мировой экономики можно прозвать противоречивой всем основным принципам и правилам рыночных отношений, эрой «тарифной войны», усугубляющей потенциальный ущерб от напряженности в сфере мировой торговли возрастающей неопределенностью в мировой экономике» [1] деген тыянагына кандайдыр бир деңгээлде макул десек болот. Себеби дөйнөлүк чарбалардын ааламдашуу маалында өзгөрүүлөр өзгөчө мунай менен газдын, тирүү мал жана малдан, өсүмдүктөн алынган азык-түлүктөр, плассмассалар жана андан алынган буюмдар, каучук жана резина буюмдарына болуп турушу толук ыктымал. Өгөчө, ички энергияга болгон муктаждыгын камсыздоо үчүн Кыргызстан мунай менен газдын, айрыкча Россия, Казакстан менен Өзбекстандын импортуна көп таянат, ошонун натыйжасында өлкө мунай менен газдын дүйнөлүк баасынын өзгөрүүгө мүмкүнчүлүгү аз.

Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинети бажы жагынан жол-жоболоштуруу жана импорттолуучу товарларга бажы алымдарын жана салыктарын эсептөө жөнүндө чечимдерди түзүлгөн экономикалык кырдаалга жараша системалуу түрдө ыкчам чечимдерди кабыл алып турууну керек. Бул маселе өзгөчө “COVID-19”, экономикалык-финансылык каатчылыкта, кургакчылык жана башка факторлорго эң туура келет. Кыргыз Репубикасынын Министрлер кабинети демилгелеген экономикага *өзгөчө кырдаал киргизүү* мыйзамын Жогорку Кеңеш 2021-жылы 29-июлда үч окууда кабыл алды [6]. Бул мыйзам долбоору Кыргыз Республикасыны Президенти тарабынан кол коюп бекитилсе тышкы сооданын өсүшүнүн багыттары жана бажы көзөмөлүнүн иштешине өзгөчө чоң ролу ойнойт. *Мыйзам* долбоорудагы жоболор кабыл алынын калса тышкы соода жана бажы кызматын натыйжалуу жогорулатып, бюджеттин киреше бөлүгүн толуктоого оң тааситин тийгизиши ыктымал.

Биздин оюбузча Кыргызстандын тышкы соода жана бажы кызматын натыйжалуу иштетүү менен бирге, калкыбыздын товар өндүрүүчү ишкерлерине экспортко багыталган өндүрүштөрдү ачууга, аларды өз убагында кажылоого мамлекет тарабынын уюштуруу-экономикалык механиздерди иштеп чыгуу керек.

Ошону менен бирге тышкы сооданы туруктуу жана натыйжалуу жүргүзүү үчүн Бажы биримдигине жана Евразия экономикалык союзуна кирбеген мамлекеттер менен соода сатык иштерин алып барууда тиешелүү укуктук-нормалык жана мамлекетибиздин кызыкчылыгын колдогон жаңы мыйзамдардын иштелип киргизилиши абзел. Өзгөчө мыйзамыз чет мамлекеттерден келген товарларды көзөмөлгү алуу, аткезчиликти жана башка көмүскө экономикага жол берүүчү факторлорду жок кылууга багытталган иш-чараларды кабыл алуу зарыл.

Бажы кызматынын көзөмөл бикеттеринин көзөмөлүнүн мыйзамдарга ылайык таза жана так иштөө менен камсыз кылынышы тышкы соода жүргүзүүнүн натыйжалуулугун арттырат. Тилекке каршы изилдөө көрсөткөндөй дагы болсо бажы бикеттеринен мыйзамсыз товар алып өтүүгө аракеттенген фактылары орун алууда. Алсак, 2021-жылы 1,6 миллион сомдук тамекини Кыргызстанга мыйзамсыз алып кирүү аракети токтотулган. "Баткен" бажы кызматкерлери 5 миллион сомго контрабандалык товарды кармашты. Түштүк-Батыш бажысынын кызматкерлери табынан Баткен облусунда 800 миң сомдук аткезчилик токтотулду [7]. Мындай көмүскө экономика, башкча айтканда контрабандалык товардын агымынын пайда болушу жана өсүшү тышкы соода тармагынан мамлекеттик бюджетке түшүүчү бажы төлөмдөрүнүн көлөмүн төмөндөтөт жана ички дүң прдукциясынын өсүшүнө өз кедергисин тийгизет.

Өнүгүүнүн жаңы мүмкүнчүлүктөрү бул терс тенденцияны жоюу, көп эмгекти талап кылган тармактардын өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууга жана кошумча наркы жогору товарларды чыгарууга, чарба субъектилерин жана тармактарын адистешүүнү

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



кеңейтүүгө багытталган мамлекеттик программа жана өнүгүү чараларынын иштелип чыгышы зарыл.

Алсак, Эл аралык валюта фондусунун эсептөөсү боюнча 2020-жылы Кыргызстан ички дүң продукт (сатып алуу жөндөмдүүлүгүнүн паритети боюнча) киши башына 5036 миң АКШ доларын түзгөн, Бул көрсөткүч Өзбекстанда 7449 миң АКШ долларын, Туркменияда – 16521, Казакстанда – 26565, Россияда – 27930 миң АКШ доларын түзгөн түзөт [8]. Башка жанаша өлкөлөргө салыштырганда Кыргызстандын ички ички дүң продукт (сатып алуу жөндөмдүүлүгүнүн паритети боюнча) киши башына төмөндүгү, экономикабыздын өнгүүсүнүн чабалдыгы, экспорттук потенциалдын өнүкпөгөндүгү, социалдык көсөткүчтөрдүн төмөндүгү аныкталат. Мисалы, Кыргызстанда 2019 жылы кедейчиликтин жалпы деңгээли 22,4% калктын жалпы санына карата болгон, анын ичинен шаар жерлеринде – 20,2%, айыл жерлеринде 23,2%. Миграциялык өсүү агымы минус 6,2 миң адамды түзгөн. Салыштырмалуу жакыр адамдардын саны жергебиздин айыл жерлеринде көп орун алган. Ошол эле учурда Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызы өсүүдө. Алсак, 2015-жылы мамлекеттик карыз 289195,5 сом болсо, бул көсөткүч 2019-жылы 319474,7 млн. сомду түзгөн, же болбосо салыштырмалуу 30279,2 млн. сомго көбөйгөн.

Изилдөө көрсөткөндөй өлкөбүздүн социалдык-экономикалык маселелерин чечүүдө тышкы соода жана бажы кызматында негизги көйгөйлүү маселелеринен болуп өлкөдөгү саясий туруктуулук жана чек ара маселелери болуп саналат. Алсак, өлкөбүз эгемендүүлүк алгандан бери саясий туруктуулуктун жоктугу да белгилүү көйгөйлөрдү жана кыйынчылыктарды жаратты. Ички карама-каршылыктар реформаларды ишке ашырууну системалуу түрдө үзгүлтүккө учуратты, ошол эле учурда чек арадагы чыңалуу өлкөнү аймактык жана дүйнөлүк рыноктorго байланыштырган ири чек ара бекеттеринин маал-маалы менен жабылышына алып келди. Алсак 2010 жылдагы революцияда Казакстан бажы бикеттеринин жабылышы, 2021-жылы Кыргыз-Таджик (Баткен облусунда) болгон чек ара жаңжалынын чыгышында Тажикстанга өтүүчү бажы бекеттердин жабылышы экономикабыздын өсүшүнө түздөн-түз терс таасирин тийгизди. Жогоруда айтылган факторлор терс деструктивдүү тенденцияны пайда кылды, экономикалык өсүш ИДПнын кескин төмөндөттү. Бул болсо өлкөдөгү топтолгон ийгиликтерди жана кирешелердин төмөндөшүнө алып келет.

Биздин оюбузча мындай экономикалык төмөнкү көрсөткүчтөр Кыргызстандын жолундагы комплекстүү өнүгүү, өзгөчө структуралык кайра түзүү реформаларын солгун жүрүшү, ошону менен бирге реалдуу секторду, тышкы сооданы, бажы көзөмөлүн уюштуруудагы жетишпеген кемчиликтер өлкөбүздүн улуттук экономиканын туруктуу өнүгүүсүнө терс таасирин тийгизүүдө. Изилдөө көрсөткөндөй, азыркы тапта өзгөчө реалдуу экономикадагы өндүрүш секторунун экспортко кошкон салымы кошумча наркы төмөн өнүмдөрдүн тар чөйрөсү менен чектелет.

**Жыйынтыгы.** Улуттук экономиканын туруктуу өнүгүүсүн камыздоо максатында *Кыргызстандын* тышкы соода тутуму менен бирге бажылык контролдоонун уюштуруу-экономикалык механизмин түзүүнүн максатында *2030-жылга чейинки өнүгүү концепциясын сунуштайбыз. Концепциянын* багыттарынын негизги *өзөгү* болуп максатуу экономикалык реформаны улантуу, улуттук бизнес проекттерди негиздөө жана түзүү, финансы булактарын аныктоо, тиешелүү кадрларды талапка жараша даярдоо жана алардын системалуу билимин жогорулатуу, *жаратылыш жана ички ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу; өндүрүлгөн продукциясын дүйнөлүк стандарттардын талабына ылайык өндүрүү, даярдоо жана сатуу, соода логистикалык борборлорду салуу,* маалыматташтырууну, *сан экономикасын толук киргизүү, санариптештирүү жана жаңы укуктук-нормаларды, мыйзамдарды иштеп чыгуу менен камтылат.*

**Адабияттар:**

1. Аракелян А.А. Проблемы развития мировой торговли в современных условиях глобализации. // Известия вузов Кыргызстана. 2020. №. 3. С. 33-38.
2. Договор о ЕАЭС. URL: https://docs.eaeunion. org /docs/ ru
3. Кутманбекова А.А., Кадырова Т.К. "Евразиялык экономикалык биримдигинин эл аралык байланыштары: негизги багыттары, келечеги жана көйгөйлөрү". // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана, №6. - С. 50-53.
4. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети. Кыргыз Республикасынын статистикалык жылдыгы Б., 2020.15. - 381 бет.
5. Электронный ресурс. https://mfa.gov.kg
6. Электронный ресурс. - Режим доступа: https://www.azattyk.org
7. Электронный ресурс. - Режим доступа: https://24.kg/proisshestvija/180175/
8. Электронный ресурс]. - Режим доступа: https://ru.wikipedia.org/wiki/